# ШАЙЛООГО ЧЕКТЕЛГЕН БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ МИССИЯСЫ
## Кыргыз Республикасы - Парламенттик шайлоолор, 4 октябрь 2020- жыл

### АЛГАЧКЫ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖӨНҮНДО БИЛДИРҮҮ

### АЛГАЧКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР

4-октябрдагы парламенттик шайлоолор мыйзамдарга киргизилген жаңы өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун жана негизги укуктар менен эркиндиктердин сакталышы менен өттү. Шайлоо өнөктүгү негизинен жакшы өтүп, талапкерлер үгүт иштерин эркин жүргүзө алышты, бирок добуштарды сатып алуу боюнча айыптоолордун келип чыгышы олуттуу тынчсызданууну жаратууда. Шайлоолор COVID-19 пандемиясына байланыштуу тынчсыздануулларга карабастан натыйжалуу өттү, бирок БШКнын бир катар чечимдеринен кийинки талаш-тартыштар алардын калыс экендигине шек жаратты. Коомдук телерадиокомпаниялар талапкерлерге акысыз эфирдик убакыт берүү боюнча өз милдеттенмелерин аткарып жатты, жалпы журналисттик сын-пикирлердин жана тематикалык дебаттардын жетишсиздиги добуш берүүчүлөргө берилип жаткан маалыматтын жеткиликтүүлүгүн жана сапатын төмөндөттү. Шайлоо күнү ирээттүү, шайлоо жараяны жалпысынан ачык-айкын жана жакшы уюшкандыкта өттү, ден-соолукка байланыштуу эрежелер ар дайым эле сактала берген жок.

Укуктук база демократиялык шайлоолорду өткөрүү үчүн бекем негизди түзөт. Өткөн парламенттик шайлоолордон кийин, ДИАУБдун айрым сунуштарын эске алуу менен бирге, шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарга, айрыкча парламенттин мүчөлөрү чыгып кеткен учурда гендердик квотаны сактоо, шайлоого байланыштуу мыйзам бузуулар үчүн санкцияларды колдонуу жана мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөрдүн катышуусун камсыздоо сыяктуу олуттуу өзгөртүүлөр киргизилген. Бирок, конституциялык жана мыйзамдык реформаларда, ДИАУБдун айрым бир башка сунуштары, мисалы, бир партияга берилген мандаттардын максималдуу санынын чектелиши, добуш берүү жана шайлоого катышуу укугуна байланыштуу учурлар каралган эмес. *Жогорку Кеңештин* (парламент)120 депутаттан турган бир палаталуу, мыйзам чыгаруучу курамы, эки босого менен жалпы улуттук шайлоонун негизинде беш жылдык мөөнөткө пропорционалдык жабык тизме аркылуу шайланат.

Парламенттик шайлоолорду Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК), 54 аймактык шайлоо комиссиялары (АШК) жана 2475 участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) башкарып келет. Бирок, ДИАУБ ШЧБМдин маектештеринин көпчүлүгү БШКнын калыстыгына күмөн санаарын маалымдады. БШК шайлоо процессинин көптөгөн аспектилерин, анын ичинде COVID-19га каршы коргоо чараларын, добуш берүүчүлөрдүн билимин жана маалыматын, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөрдүн катышуусун жеңилдетүүнү комплекстүү жөнгө салды. Бирок, ДИАУБ ШЧБМнын көптөгөн маектештери БШКнын калыстыгына күмөн санашты. БШКнын ачык-айкындуулугуна жана коллегиялдуулугуна болгон ишенимдин төмөндөп кетишинин себеби БШКнын жумушчу топтору БШКнын ачык жыйналыштарында каралбаган маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү беришкендиги болду.

Добуш берүүчүлөрдүн акыркы тизмесине ылайык, добуш берүүчүлөрдун саны 3,5 миллионду түздү. Добуш берүүчүлөрдүн тизмесинин инклюзивдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бийлик тарабынан жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттерге карабастан, 470 000ге жакын жаран биометрикалык каттоодон өткөн эмес, ошондуктан, алар добуш берүү укугунан ажыратылган. Добуш берүүчүлөрдүн 441 000ге жакыны добуш берүү дарегин убактылуу өзгөртүү укугун колдоно алды. Кээ бир партиялар менен талапкерлер, мындай механизмдин колдонулушу

добуш сатып алуу схемасын колдонуу аракеттерине алып келет деген тынчсызданууусун билдирди.

Жалпы инклюзивдик процессте 16 саясий партия каттоодон өттү. Талапкерлерди каттоо боюнча БШКнын айрым чечимдеринен улам келип чыккан талаш-тартыштар БШКнын калыстыгына күмөн жаратты. Каттоо учурунда бардык атаандаштар талапкерлердин тизмесине, анын ичинде гендердик жана улуттук азчылыктар боюнча квота талаптарын сактады, бирок аял талапкерлердин тизмеден чыгуусу, ошондой эле эки талапкердин каттоодон чыгарылышы, тизмедеги ирээттүүлүктүн жана талаптардын бузулушуна алып келди.

Шайлоо алдындагы шайлоо өнөктүгү атаандаштык жана жандуу мүнөздө өттү, бирок, кээ бир шайлоо платформаларында катуу талкууларды жарата алган жок. Шайлоонун катышуучулары үгүт иштерин жүргүзүү үчүн ар кандай каражаттарды, анын ичинде онлайн медиа каражаттарын колдонушту жана жалпысынан эркин түрдө үгүт жүргүзө алды. Бирок, бир нече жолу коркутуп-үркүтүү, иш-чараларды үзгүлтүккө учуратуу, ошондой эле интернеттеги жалган маалымат таратуу сыяктуу өнөктүктөрдүн болгондугун кээ бир шайлоонун катышуучулары белгилеп кетти. Добуш сатып алуу жана мамлекеттик кызматкерлерге кысым көрсөтүү боюнча айыптоолор жараяндын жүрүшүндө олуттуу көйгөйлөрдү жаратты.

Мыйзамда мамлекет тарабынан өнөктүк иштерине түздөн-түз каржылоо каралган эмес, бирок жеке салымдар үчүн да, үгүт иштерине кеткен чыгымдар үчүн да мыйзамдуу чектөөлөр киргизилген. Эл аралык тажрыйбадан алыстап, Кыргызстанда материалдык жардам көрсөтүүгө мыйзам чегинде жол берилбейт, мындай жобо жаңы жана аз каражаттары бар партиялардын шарттарын төмөндөтөт. Үгүт иштерин каржылоону көзөмөлдөө БШКга жүктөлгөн. БШКнын бир топ аракеттерине карабастан, үгүт иштерин каржылоонун ачык-айкындуулугу талаптагыдай болгон жок, себеби мыйзамга ылайык, партиялар жылдык каржылык отчетторду тапшырбайт жана үгүт иштерин каржылоонун толук көлөмү жөнүндө отчет бербейт.

Конституцияга ылыйык пикир билдирүүгө жана басма сөз эркиндигине кепилдик берилет жана жалаа жапкандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салынат. Бирок, жалпыга маалымат каражаттарына (ЖМК) жана журналисттерге каршы уланып жаткан жалаа жабуу боюнча сот процесстери, ошондой эле журналисттерге карата жасалган физикалык жана киберчабуулдар жөнүндө билдирүүлөр өзүн-өзү цензуралоого жана сөз эркиндигин чектөөгө алып келди. БШКнын жеке ЖМКларда дебаттарды өткөрбөө сунушу редактордун көзкарандысыздыгына олуттуу чектөө болуп саналат жана добуш берүүчүлөргө жеткиликтүү болгон ар кандай маалыматтарды чектейт.

Коомдук жана мамлекеттик бюджеттен каржыланган ЖМКлар талапкерлерге, негизинен дебаттарга арналган акысыз эфирдик убакытты бөлүп беришти. Тилекке каршы, жаңылыктар жана күндүн маанилүү окуялары бөлүктөрүндө редакциялык макалалардын жоктугу, тескерисинче, партиялардын жана талапкерлердин бирдей эмес финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө басым жасап, негизинен шайлоо процессинин катышуучулары тарабынан даярдалган жана төлөнгөн көрсөтүүлөрдү прайм-тайм убактысында чагылдырып жатты. Бул фактор, өкмөт жана президент жөнүндөгү маалыматтардын элге кеңири жайылышы сыяктуу, добуш берүүчүлөргө жеткиликтүү болгон маалыматтардын жана ой-пикирлердин сапаттуулугуна, ар түрдүүлүгүнө таасирин тийгизди.

Улуттук азчылыктарга таандык адамдар үгүт иштерине азчылыктар жыш отурукташкан жерлерде активдүү катышышты. Өлкөнүн түштүгүндөгү өзбек азчылыгына добуш берүү үчүн айыгышкан атаандаштыктан улам Араван районундагы “*Биримдик*” жана “*Мекеним*

*Кыргызстан”* партияларынын тарапкерлеринин массалык мушташы орун алып, эки өзбек талапкерин каттоодон чыгарууга алып келди.

Талаш-тартыштарды чечүү үчүн мыйзамдарда жетишээрлик укуктук негиздер түзүлгөн, бирок добуш берүүчүлөрдүн жана коомдук байкоочулардын шайлоо комиссиясынын чечимдерине каршы чыгуу укугу дагы деле чектелет. БШКга келип түшкөн даттануулар жалпысынан ачык-айкын негизде каралды, бирок алардын көпчүлүгү жумушчу топтор тарабынан БШКнын отурумдарына жетпей каралып, процесстин коллегиялуулугун жана мыйзамдуулугун жоготту. БШКнын сотторго даттанган он чечиминин үчөө жараксыз деп табылды. ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештери шайлоо мыйзамын бузууларга каршы күрөшүүдөгү ишенимдин жоктугун, айрыкча укук коргоо органдарынын иш-аракеттеринин натыйжалуулугуна жана соттордун калыстыгына ишенимдин жоктугун билдиришти.

Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзам (Шайлоо жөнүндө мыйзам) шайлоо жараянынын бардык этаптарына байкоо жүргүзүүнү камсыз кылат. Бирок, ДИАУБдун мурунку сунуштарына карабастан, коомдук байкоо жүргүзүүдөгү негизсиз чектөөлөр сакталып калууда. Жарандык коом шайлоого байкоо жүргүзүүдө активдүү катышкан.

ДИАУБ ШЧБМ шайлоого систематикалык түрдө жана ар тараптуу байкоо жүргүзө алган жок. Чектелген сандагы шайлоо участкаларына баруу менен, шайлоо күнү ирээттүү жана жалпысынан жакшы уюшкандыкта өттү, бирок, ошол эле учурда, COVID-19 пандемиясына байланыштуу медициналык протоколдор дайыма эле сактала берген жок. ДИАУБ ШЧБМ шайлоо участогунун сыртында добуш берүүчүлөргө акча тараткан бир окуяга күбө болду. Добуш берүү аяктагандан көп өтпөй, БШК ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн шайлоо бюллетендеринин сканерлөөчү аппараттан алынган чийки маалыматтарга таянып, алдын ала жыйынтыктарды өзүнүн сайтына жайгаштыра баштады. БШК шайлоого катышуу 56 пайызды түздү деп жарыялады.

## АЛГАЧКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР

### Жалпы маалымат жана саясий кырдаал

Кыргыз Республикасынын Президенти Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону 4-октябрга дайындоо жөнүндө жарлыкка 2-июль күнү кол койду. Кыргызстан жарым президенттик республика, анын мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктары 120 депутаттан турган бир палаталуу *Жогорку Кеңешке* (парламент) таандык. Президент мамлекеттин башчысы жана премьер-министр башында турган өкмөт менен аткаруу бийлигин бөлүшөт.[1] Азыркы учурдагы 95 мандаттан турган парламенттик көпчүлүктү “*Кыргызстан Социал Демократиялык партиясы”* (КСДП) жетектейт жана анын курамына “*Бир Бол”, “Кыргызстан”* жана *“Республика-Ата Журт”* партиялары, ал эми оппозицияга *“Ата Мекен”* жана “*Өнүгүү-Прогресс”* партиялары кирет. 2016-жылы Конституцияга референдум аркылуу киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алууда оппозиция жана жарандык коом бир топ каршылыктарды көрсөтүшкөн.

---

1 Президент өлкөнүн ичинде жана анын чегинен сырткары жерлерде мамлекеттин атынан чыгат жана шайлоолорду дайындайт, Жогорку Кенешке сотторду жана башкы прокурорду дайындоону жана бошотууну сунуш кылат, Жогорку Кенештин кезексиз сессиясын чакыра алат жана Куралдуу Күчтөрдүн Башкы колбашчысы болуп эсептелинет. Премьер-министр мыйзамдардын так аткарылышына жооптуу болгон өкмөттүн ишине, ошондой эле ички жана тышкы саясатты жүргүзүүгө жооп берет.

КСДПнын позициясы 2017-жылдагы президенттик шайлоодо өз талапкеринин жеңишке жеткендиги менен дагы да бекемделгенине карабастан, партия экиге бөлүнүп, ушул парламенттик шайлоого бара алган жок.[2] Ошого карабастан, КСДП партиясынын айрым депутаттары шайлоого *"Биримдик", "Мекеним Кыргызстан"* же *"Социал-демократтар"* сыяктуу ар кандай партиялык структуралар менен бара жатат. Саясий партиялардын системасы чачыранды экендигинин себеби Юстиция министрлиги тарабынан 259 партия каттоодон өткөндүгүнө карабастан, быйылкы шайлоолорго алардын 16сы гана катышып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Партиялар шайлоо программаларына караганда талапкерлердин жеке сапаттарына өзгөчө көңүл буруп, алардын жеке жактарына көбүрөөк басым жасоодо.

Шайлоонун жүрүшүндө олуттуу саясий өзгөрүүлөрдүн пайда болушу менен коштолгон COVID-19 пандемиясынын жана мурдатан келе жаткан коррупциялык иштердин кесепеттеринен улам келип чыккан социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдүн күчөгөндүгү байкалды.[3]

## Шайлоо системасы жана укуктук негиздер

Жогорку Кеңештин депутаттары бирдиктүү шайлоо округу жана катыштык тутуму боюнча пропорционалдык жабык тизме менен 5 жылга шайланат. Көз карандысыз талапкерлер шайлоого катыша албайт, бул талап ЕККУнун Копенгаген документинин 7.5-пунктуна каршы келет. Мандат алуу үчүн саясий партия өлкө боюнча добуштардын кеминде жети пайызын жана жети облустун ар биринде, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында кеминде 0,7 пайыз добуш топтошу керек. Конституцияга ылайык ар бир партиянын парламенттеги саны 65 орун менен чектелген. [4]

Парламенттик шайлоо негизинен 2010-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституция, 2011-жылдагы Шайлоо жөнүндө мыйзам жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзам (Шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзам) аркылуу жөнгө салынат.[5] Мындан башка актуалдуу укуктук актыларга Саясий партиялар жөнүндө мыйзам, Тынч чогулуштар жөнүндө мыйзам, кылмыш жана административдик жаза чаралары, жана ошондой эле БШКнын регламенти кирет. Кыргызстан демократиялык шайлоого байланыштуу негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу.[6]

---

2 Партия бир нече канатка бөлүнүп, анын ичинде экс-президент Алмазбек Атамбаевге жакын топ жана азыркы президент Сооронбай Жээнбековго ишеним көрсөткөн адамдар бар. Мырзалардын ортосундагы беттешүү Атамбаевдин тарапкерлери жана укук коргоо органдарынын ортосундагы катуу тирешүүгө айланып, 2019-жылдын август айында адамдардын жаракат алышына жана өлүмүнө алып келди. 2020-жылдын июнь айында мырза Атамбаев коррупция боюнча айыптоо менен узак мөөнөткө эркинен ажыратылып, азыркы учурда мөөнөтүн өтөп жатат.

3 2020-жылдын июнь айында өкмөт коррупциялык жаңжалдан улам отставкага кеткен.

4 2020-жылдагы Шайлоо жөнүндөгү мыйзамына болгон өзгөртүүлөр 2017-жылы тогуз пайызга чейин көтөрүлгөн жети пайыздык босогону кайрадан киргизди. ДИАУБ жана Европа Кеңешинин демократия боюнча комиссиясы (Венеция комиссиясы) мыйзам аркылуу орундарды бөлүштүрүү эрежелерин жана кош босогону карап чыгууну буга чейин сунуш кылган.

5 2016-жылы, 2010-жылы кабыл алынган Конституцияга депутаттык мандатын жоготпой туруп премьер-министр же биринчи вице-премьер-министр кызмат ордуна дайындалуу укугуна байланыштуу айрым өзгөртүүлөр киргизилген.

6 Алардын катарына Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (ЖСУЭП), Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция жана КМШнын Демократиялык шайлоолор, шайлоо укуктары жана эркиндиктеринин стандарттары жөнүндө конвенция кирет. 2019-жылы, ДИАУБдун сунушуна ылайык, Кыргызстан БУУнун Майыптардын укуктары жөнүндө конвенциясын (МУК) ратификациялаган.

Жалпысынан алганда, шайлоонун укуктук базасы ар тараптуу жана демократиялык шайлоолорду өткөрүүгө бекем негиз түзөт. Бирок анда бир нече ашыкча чектөөлөр киргизилип, ЖМКнын, коомдук байкоочулардын укуктары, үгүт жана каржы жаатындагы бүдөмүктөрдү камтыйт.[7] Шайлоо укуктук базасы акыркы парламенттик шайлоолордон бери президенттин алдындагы жумушчу топ тарабынан кайрадан иштелип чыгып, Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча 2018-2020 Стратегиясына ылайык бир топ өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди.[8] ДИАУБ ШЧБМге бир катар маектештер түзөтүүлөр кабыл алынаардан мурда коомдук талкуудан өткөнүн маалымдашты. Жакынкы өзгөрүүлөрдүн жана толуктоолордун катарына, ДИАУБдун мурунку сунуштарына ылайык, парламенттин депутаттары тизмеден чыгып кеткен учурда гендердик квотаны сактоо, шайлоого байланыштуу мыйзам бузуулар үчүн санкцияларды күчөтүү жана мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөрдүн шайлоого катышуу жолдорун жакшыртуу сыяктуу жоболор кирди.[9] Ошол эле учурда, ДИАУБдун айрым сунуштары, анын ичинде добуш берүү жана шайлоого катышуу, ЖМКны аккредитациялоо жана жарнак убактысын сатуу боюнча сунуштары каралбай келет. Акыркы киргизилген өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык жаңы катталган саясий партиялардын шайлоого катышуусуна киргизилген чектөөлөр көбөйүп, коомдук байкоочулардын укугунун бузулушуна шарттар түзүлдү жана ЖМКда талапкерлерге жана саясий партияларга карата терс үгүт жүргүзүүгө тыюу салынып, кээ бир укуктук бүдөмүктөргө алып келди.[10]

## Шайлоону өткөрүүдөгү уюштуруу иштери

Парламенттик шайлоону БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиялары (АШК) жана 2 475 участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) башкарат.[11] Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү беш жылдык мөөнөткө дайындалат. БШК парламент дайындаган 12 мүчөдөн турат. Президент, парламенттик көпчүлүк жана оппозиция ар бири төрттөн мүчө көрсөтөт. АШКлардын 11 кишиден кем эмес мүчөсүн БШК, ал эми УШКлардын 7 кишиден кем эмес мүчөсүң тиешелүү АШКлар түзөт. Ар бир комиссиянын мүчөлөрүнүн жарымы саясий партиялардан, калгандары жергиликтүү кеңештерден көрсөтүлгөн. АШК жана УШК мүчөлөрү 2020-жылдын январь айында дайындалган. Бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын курамы пандемияга, шайлоого талапкер катары катышуусуна жана эмгек акылардын жетишсиздигине байланыштуу тез-тез өзгөрүп турганына карабастан, бул шайлоолорго жалпы даярдыкка болгон таасирин тийгизген жок.[12] Шайлоону башкарууда аялдардын өкүлчүлүгү жакшы көрсөтүлсө дагы, ар

---

7 Мисалы, Шайлоо жөнүндө мыйзамынын 46-беренесинде талапкерлер үгүт иштерине кеткен чыгымдын чегин 0,5 пайызга ашыргандыгы үчүн каттоодон чыгарылышы мүмкүн экендиги жана 41-беренесинин 10-бөлүгүндө накталай жардам берүүгө жана ыктыярчыларды үгүт иштерине тартууга тыюу салат.

8 Шайлоо жөнүндө мыйзамга үч жолу, 2017, 2019 жана 2020-жылдары, Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамга эки жолу, 2017 жана 2019-жылдары өзгөртүүлөр киргизилген. 2020-жылдын июнь айында Жазык кодекске, Бузуулар жөнүндө кодекске жана Жоруктар жөнүндө кодекске шайлоого байланыштуу мыйзам бузуулар үчүн санкцияларга байланыштуу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

9 30 пайыздык гендердик квотага карабастан, кызматтан кетип жаткан парламенттеги 20 депутат гана аялдар болушкан, бул шайлоодон кийин жарым-жартылай тизмеден чыгарылууга жана шайлоодон четтетилгенден кийин дайындалган гендердик өкүлчүлүккө юридикалык кепилдиктин жоктугуна байланыштуу болот.

10 2019-жылы Шайлоо жөнүндө мыйзамга киргизилген өзгөртүү жана толуктоолор шайлоо жарыялангaнга чейин алты ай мурун катталган саясий партияларды талапкерлердин тизмесин көрсөтүү укугунан ажыратат.

11 Өлкөдөн сырткары добуш берүү 28 округдардагы элчиликтердин жана консулдуктардын 45 шайлоо участкаларында өткөрүлдү.

12 Парламенттик көпчүлүк тарабынан көрсөтүлгөн БШКнын бир мүчөсү 3-сентябрда шайлоого талапкер катары катышкандыгына байланыштуу алмаштырылды. БШК жана АШКлар комиссия мүчөлөрүн резервдик тизмеден алмаштыра алышат. АШКнын 650 мүчөсүнүн ичинен 49 алмаштырылды; УШК 26,600 мүчөсүнүн 4105 алмаштырылды.

кандай этностук топтор, ал тургай алар калктын кыйла бөлүгүн түзгөн жерлерде дагы, АШКларда жетишээрлик деңгээлде катышпай кала берет.[13]

БШК жыйындарын ачык түрдө, үзгүлтүксүз мүчөлөрүнүн жеке же аралыктан катышуусу менен биргеликте өткөрүп турду.[14] БШК өз ишин натыйжалуу жүргүзүп, шайлоо процессинин көптөгөн аспектилерин, анын ичинде COVID-19 пандемиясына байланышту коргонуу чараларын жакшыртууга багытталган комплекстүү аракеттерди жасады,[15] мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөр үчүн атайын окуу материалдарды даярдап,[16] ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөргө кошумча жардамдарды беришти.[17]

Көпчүлүк учурларда, БШКнын боло турган отурумдарынын онлайн кулактандыруулары менен алардын башталышынын ортосундагы кыска убакыт ар дайым бардык катышуучуларга катышуу же тиешелүү документтерди карап чыгууга жетиштүү убакыт калтырган жок.[18] БШКнын көпчүлүк чечимдери өз убагында жарыяланган; бирок, айрым учурларда, жарыялоо бир кыйла кечиктирилген.[19] Ушул шайлоолордун алдында БШК шайлоо кызыкдар болгон тараптардын көйгөйлөрүнө жана арыздарына жооп берүү жана мыйзамдык жоболорду тактоо үчүн жумушчу топторун түздү. Бул БШКнын ишин жеңилдеткенине карабастан, жумушчу топтор тарабынан берилген айрым тактоолор БШК мүчөлөрү тарабынан ачык жыйындарда каралбай, кызыкдар тараптардын аракеттерин бир кыйла чектеп койду.[20] Мындай практика БШКнын ачык-айкындуулугу жана коллегиялуулугу жөнүндө кооптонууну жаратат.

ДИАУБдун мурунку сунушунан кийин, Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор шайлоо комиссияларынын иштешинин негизги принциптеринин бири катары калыстыкты камтыды. Бирок, БШКнын талапкерлерди каттоого, саясий партияларга каршы санкцияларга жана жумушчу топтордун курамына байланыштуу чечимдери боюнча пикир келишпестиктер комиссиянын бүтүндөй калыстыгына терс таасирин тийгизди.[21]

---

13 БШКнын маалыматына ылайык АШКнын 650 мүчөсүнүн ичинен 37 мүчөсү гана ар кандай улуттук азчылыктарга таандык. АШКнын 47 пайызга жакыны жана БШКнын беш мүчөсү, анын ичинде төрайым аял кишилер.

14 COVID-19дан улам, Эрежелердин өзгөртүлгөн жол-жобосу БШКнын мүчөлөрүнө сессияларга аралыктан катышууга мүмкүнчүлүк берди. ЖМКнын, байкоочулар жана саясий партиялардын өкүлдөрү жыйындарга жеке өздөрү катышышты.

15 Шайлоо күнүндөгү процедуралар боюнча БШКнын көрсөтмөсүндө оорунун жайылышына каршы атайын эрежелер жана чаралар камтылган, анын ичинде добуш берүүчү жайлардагы социалдык аралык жана шайлоо комиссиялардын кызматкерлери менен добуш берүүчүлөрдү жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу.

16 БШК шайлоо процедуралары боюнча добуш берүүчүлөргө анын ичинде көрүү жана угуу мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөр үчүн билим берүүчү материалдарды даярдоого тапшырма берди. ДИАУБ ШЧБМ бул материалдар аймактарда дагы жайылтылгандыгын байкады.

17 БШК шайлоо участкаларынын жеткиликтүүлүгү жөнүндө маалыматтарды топтоду; ошондой эле, мыйзамга ылайык саясий партиялар үгүт материалдардын жок дегенде бир пайызын майыптар үчүн ыңгайлуу форматта даярдоосун көзөмөлдөдү.

18 Бир нече кулактандыруулар сессияга 20 мүнөт калганда Интернетке жарыяланган. ДИАУБ ШЧБМнын айрым маектештери кулактандыруу кеч жарыялангандыктан сессиялардын өткөндүгү тууралуу маалыматты отурум бүткөндөн кийин алышкандыгын билдиришти. БШКнын бир нече мүчөлөрү материалдар, анын ичинде чечимдердин долбоорлору жана күн тартиби сессиялардын алдында такай таратылбай жаткандыгын айтышты.

19 Тактап айтканда, талапкерлерди каттоо жана каттоодон чыгаруу жөнүндө чечимдер. Каттоодон чыгарылган талапкерлердин бири БШКнын чечими кеч жарыялангандыгынан улам анын даттануусунун кароосун кечиктиргенин айтып өттү.

20 Медиа жана Арыздар бөлүмүн караңыз.

21 Талапкерлерди каттоо жана ЖМК бөлүмдөрүн караңыз.

Добуш берүү күнүнүн алдындагы шайлоону өткөрүү боюнча төмөн баскычта тарган шайлоо комиссияларынын иш-аракеттери ДИАУБ ШЧБМ тарабынан жакшы деп бааланды. АШКлардын басымдуу көпчүлүгүнө жергиликтүү бийлик тарабынан жетиштүү материалдык-техникалык, анын ичинде COVID-19 жайылуусун алдын алуу жана кыймыл-аракети чектелген адамдар үчүн пандустар менен камсыз кылуу сыяктуу колдоолор көрсөтүлдү. Оффлайн режиминдеги окутуулардан тышкары, АШК жана УШК мүчөлөрү техникалык жабдуулар менен камсыз болушту жана алардын ишинин бардык этаптарын камтыган видео сабактар жана комиссия мүчөлөрүнө онлайн тренингдерге катышуусуна мүмкүнчүлүк берилди. COVID-19 пандемиясына байланыштуу аралыктан окутууларды уюштурууда пайда болгон техникалык маселелер, процесстин сапатына таасирин тийгизгени менен, негизинен жакшы деп табылды. Шайлоо күнү добуш берүүчүлөрдү идентификациялоону жүзөгө ашырган УШК мүчөлөрү үчүн өткөрүлгөн өзүнчө окутуу иш-чаралары ДИАУБ ШЧБМ тарабынан жакшы деп бааланды; бирок, тренингдердин форматына байланыштуу, COVID-19 пандемиясын алдын алууга багытталган иш-чаралардын сакталышы дайыма эле мүмкүн болгон жок.

## Добуш берүүчүлөрдү каттоо

Добуш берүү укугу шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон, бирок жасаган кылымышынын оордугуна карабастан эркинен ажырытылган жана соттун чечими аркылуу укугу чектелгендерден сырткары бардык жарандарга берилет жана ошол эле учурда, бул эл аралык стандарттарга жана милдеттенмелерге каршы келет.[22]

Добуш берүүчүлөрдү каттоо системасы пассивдүү формада жүргүзүлөт, алардын тизмеси калкты бирдиктүү каттоо реестринен (КБКР) алынат жана Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) тарабынан көзөмөлдөнөт.[23] Добуш берүүчүлөрдүн тизмесине кирүү үчүн Кыргыз Республикасынын жараны биометрикалык каттоодон өтүүсү керек. МКК жана БШКнын маалыматына ылайык, 470 000 ден ашуун, көпчүлүгү чет өлкөлөрдө жашаган жарандар азыркы убакытка чейин биометрикалык каттоодон өтө элек жана ошол себептен улам алардын шайлоо укугу чектелүү бойдон калууда.[24] МКК, БШК жана Тышкы иштер министирлиги, консулдуктар жана элчиликтер менен биргеликте жарандарды биометрикалык каттоодон өткөрүү жана инклюзивдүүлүктү жакшыртуу максатында бир топ иштерди жасады. Бирок, мындай иш-аракеттердин кээ бирлери COVID-19 пандемиясынан улам ишке ашпай калган.[25] БШКнын

[22] МУКтун 12 жана 29-беренелерине ылайык, "Мамлекет – катышуучулар жашоонун бардык аспектилеринде башкалар менен бирдей деңгээлде укук жөндөмдүүлүгүнө ээ экендигин тааныйт" жана алардын " добуш берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу жана шайлануу укугу […] кепилдик кылат. МУКтун 12-беренесине № 1 Жалпы комментарийдин 48-бөлүгүндө "адамдын чечим кабыл алуу жөндөмдүүлүгү мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды [...] шайлоо укугун [жана] шайлоого катышуу укугун колдонуудан четтетүү үчүн негиз боло албайт" деп айтылат. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 24-пунктунда "демократиялык коомдо ар кандай укуктарды менен эркиндиктерди чектөө колдонулуп жаткан мыйзамдын максаттарынын бири менен байланыштырылып, ошол мыйзамдын максатына так пропорционалдуу болушу керек" деп жазылган. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин ЖСУЭПтин 25-беренесине № 25 Жалпы комментарийдин 14-болуму "Эгерде добуш берүү укугун токтото турууга жасалган кылмышка байланыштуу соттуулук негиз болсо, анда бул укуктун токтотулган мөөнөтү кылмыштын оордугуна жана дайындалган жазага пропорционалдуу болушу керек" деп талап кылат.

[23] 2019-жылдагы Шайлоо жөнүндө мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолордон кийин, добуш берүүчүлөрдүн тизмесин жаңыртуу милдети МККдан БШКга өткөрүлүп берилди. МКК буга байланыштуу колдоо көрсөтүүнү улантууда.

[24] Бул шайлоолорго 32 602 добуш берүүчү гана чет өлкөдө добуш берүүгө катталды.

[25] БШКнын маалыматы боюнча, биргелешкен мобилдик топтор 2020-жылдын башынан тарта чет өлкөгө сапарларды баштаашат деп күтүлүп жаткан, бирок COVID-19 пандемиясынын кесепетинен бул аракеттер августтун аягына жылдырылган.

берген расмий маалыматына ылайык, добуш берүүчүлөрдүн тизмесине 3 523 554 добуш берүүчү кирген, алардын 52 пайызы аялдар.[26]

Мыйзамга ылайык, добуш берүүчүлөр өз даректерин оңдоого же шайлоо дарегин башка жерге алмаштырууга атайын убакыт берилет жана анын негизинде катталган жеринен башка жерде добуш берүүгө мүмкүнчүлүгү болот.[27] 441 000ге жакын (12 пайыз) добуш берүүчү добуш берүү дарегин убактылуу өзгөртүү укугун пайдаланган.[28] Натыйжада 30 шайлоо участкасында добуш берүүчүлөрдүн саны Шайлоо жөнүндө мыйзамында белгиленген 2500 чегинен ашып кетти.[29]
Көпчүлүк ДИАУБ ШЧБМдин маектештери, алардын арасында атаандашкан саясий партиялардын көпчүлүгү, бул укукту партиялар жана талапкерлер туура эмес колдонушу мүмкүн деген тынчсыздануусун билдирип жана бул өзгөртүүлөр добуштарды сатып алуу схемасынын белгиси экенин айтышты. 20-сентябрда 12 партиядан турган топ БШКдан добуш берүү даректерин өзгөртүү боюнча көптөгөн учурларды иликтөөнү суранып, биргелешкен арыз менен кайрылышты. Добуштарды сатып алуу боюнча БШКга келип түшкөн 40ка жакын арыз тергөө үчүн ички иштер бөлүмдөрүнө өткөрүлүп берилди.

ДИУАБ ШЧБМ добуш берүүчүлөрдүн даректерин оңдоо жана алмаштыруу боюнча арыздарды кабыл алууда биометрикаллык каттоо системасынын эки күн аралыгында убактылуу иштебей калгандыгына карабастан, добуш берүүчүлөрдүн укугу бузулбагандыгын билдирет. Жалпысынан, ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештери добуш берүүчүлөрдү идентификациялоонун заманбап технологиялары шайлоо күнү шайлоо участкаларында боло турган бурмалоолорду алдын алууга жардам берет деген ишеничин билдиришти.

## Талапкерлерди каттоо

Шайлоо күнүнө карата 21 жашка толгон, шайлоого укугу бар Кыргыз Республикасынын жараны талапкер боло алат. Жазасы жоюлбагандар жана кош жарандыгы бар Кыгыз Республикасынын жарандары депутаттыка талапкерлигин көрсөтө албайт. ДИАУБ жана Венеция Комиссиясы бул чектөөлөрдү кайрадан карап чыгуусун мурда сунуштаган эле.[30]

Негизинен, талапкерлерди каттто инклюзивдүү формада жүргүзүлдү. Жалпысынан 17 партиянын тизмеси БШКга каттого келип түштү, бирок, БШК башында “*Кыргызстан”, “Бүтүн Кыргызстан”* жана *“Актив”* партияларынын тизмелерин каттаган жок. Үчөө тең БШКнын чечимдерине каршы сотко кайрылышты. Сот “*Кыргызстан”* жана *“Бүтүн Кыргызстан”* партиялары боюнча БШКнын чечимдерин ыйгарым укуктардын чегинен аша

---

26 БШК жана МКК мындай өсүштү калктын табигый өсүшү, маалымдуулукту жогорулатуу иш-чаралары жана айыл жерлериндеги биометрикалык каттоо боюнча мобилдик топтордун иши менен байланыштырды.

27 Маалыматтарды оңдоо же шайлоо дарегин өзгөртүү жөнүндө арызды добуш берүүчү жеке өзү же онлайн режиминде тапшырышы мүмкүн (добуш берүү дарегин өзгөртүү өтүнүчү үчүн добуш берүүчү "Форма 2" деп аталган арызды толтурушу керек). ДИАУБ ШЧБМ добуш берүүчүлөрдүн акыркы тизмелери өз убагында онлайн режиминде 23-сентябрда жарыялангандыгын, ал эми басылып чыккан тизмелер белгиленген мөөнөттө 28-сентябрга чейин УШКларда жайгаштырылгандыгын белгиледи.

28 Добуш берүүчүлөрдүн тизмесин текшерүүнүн акыркы жумасында болжол менен 250 000ге жакын кайрылуулар келип түшкөн. Добуш берүү дарегин өзгөртүү боюнча көпчүлүк кайрылуулар Бишкек шаарында (146 248) жана Чүй облусунда (112 602) келип түшкөн.

29 Мындан тышкары, Ош шаарында кошумча 10 шайлоо участкалары түзүлгөн.

30 Шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн санкцияларга байланыштуу айрым мыйзам актыларына киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор боюнча 2020-жылдагы ДИАУБ жана Венеция Комиссиясынын биргелешкен пикиринде "кош жарандыгы бар жарандар үчүн мамлекеттик кызматтарда иштөөнүн чектөөлөрүн азайтууга жана акыры алып салууга тийиштүү көңүл буруу" сунушталды.

чыккандыгынын негизинде жокко чыгарды.[31] Ал эми "*Актив*" партиясы шайлоо күрөөсүн төлөбөгөндүгү жана гендердик квотанын талаптарын сактабагандыгы үчүн сот БШКнын чечимин күчүндө калтырды. БШКнын "*Кыргызстан*" жана "*Бүтүн Кыргызстан*" партиялары боюнча чечиминен кийин ДИАУБ ШЧБМнын көпчүлүк маектештери БШКнын калыстыгына шек келгенин айтышты. Талапкерлерди каттоо, анын ичинде даттануулардын жана бюллетендердин форматын түзүүнүн акыркы мөөнөттөрү үгүт иштеринин башталышы менен дал келип, катышуучулардын иш-аракеттерин татаалдаштырды.[32]

Талапкерлердин тизмесин каттоодон өткөрүү үчүн саясий партиялар беш миллион сом күрөө төлөшү керек (болжол менен 55000 евро).[33] Көпчүлүк атаандаш партиялар шайлоо күрөөсүнүн өлчөмүнө байланыштуу маселелерди көтөрүшпөгөнү менен, айрымдары күрөөнүн суммасын түшүрүү керек деп сунушташты.[34]

Мыйзамга ылайык, талапкерлердин тизмесинде кеминде 75 талапкер, ал эми эң көп дегенде 200 талапкер болушу шарт жана ошол эле учурда, бир нече квота талаптарына шайкеш келиши керек[35]: Тизмелерде ар бир жыныстагы талапкерлердин кеминде 30 пайызы; улуттук азчылыктарга таандык талапкерлердин кеминде 15 пайызы; 35 жашка чейинки талапкерлердин кеминде 15 пайызы; мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардан кеминде эки талапкер болушу керек. Мындан тышкары, талапкерлерди ар бир категория боюнча жайгаштыруу талаптары Шайлоо жөнүндөгү мыйзамда каралган. Жалпысынан, 16 саясий партия коюлган талаптарга жооп берип, 2032 талапкери менен биргеликте шайлоого катышуу үчүн каттоодон өттү. Тизмелерге орто эсеп менен 32 пайыз аялдар, 31 пайыз 35 жаш курактан кичүүлөр, 17 пайыз улуттук азчылыктардын өкүлдөрү жана мүмкүнчүлүгү чектелген 43 талапкер (2 пайыз) кирди.

Талапкерлердин тизмесинен чыгуу шайлоо күнүнө чейин үч күн калганга чейин жүргүзүлүшү мүмкүн. Мыйзамда көрсөтүлгөндөй талапкерлер тизмеден чыккан учурда дагы квота сакталып калышына карабастан, кем дегенде 3 партиянын акыркы тизмелери квота талаптарына жооп берген жок, анткени 48 талапкер, анын ичинде 18 аял тизмеден чыккан. БШК талапкерлердин тизмесин өз убагында веб-сайтка жайгаштырып турган бирок, бул тизмелер үзгүлтүксүз жаңыланып турган жок.

Талапкерлерди каттоодон чыгаруунун мыйзамдуу негиздери өтө эле кенен болгондуктан, бул болжолдонгон мыйзам бузууларга БШКнын өзүнүн көш карашынын негизинде чечим чыгарышына жол берди. Араван районунда үгүт иштерине байланыштуу окуядан кийин мушташка жеке катыштыгы бар экендиги жөнүндө эч кандай далил жок болгондугуна карабастан, БШКнын мүчөлөрү *"Мекеним Кыргызстан"* жана *"Биримдик"* партияларынын катарынан өзбек улутундагы эки талапкерди каттоодон чыгаруу үчүн добуш берди.[36]

---

[31] БШК талапкерлерди сунуштоо жол-жоболору сакталбагандыгына байланыштуу *"Кыргызстан"* партиясына документтерди кайтарып берди жана талапкерлерди көрсөтүү процедуралары бузулгандыгына байланыштуу *"Бүтүн Кыргызстанды"* каттоодон баш тартты.

[32] ДИАУБ ШЧБМ маектештеринин көпчүлүгү ушул чечимдердин негизинде БШКнын бейтараптуулугуна шек келтиришкен.

[33] 1 Евро болжол менен 90 сомго барабар (кыргыз сом).

[34] Тактап айтканда, *Чоң Казат*, *Реформа* жана *Республика* саясий партиялары. Мындан тышкары, *Актив* партиясы шайлоо күрөөсүнүн конституциялуулугун Жогорку соттун Конституциялык палатасында талашты.

[35] Тизмелерде ар бир жыныстагы талапкерлердин кеминде 30 пайызы; улуттук азчылыктарга таандык талапкерлердин кеминде 15 пайызы; 35 жашка чейинки талапкерлердин кеминде 15 пайызы; жана мүмкүнчүлүгү чектелгендерден кеминде эки талапкер болушу керек.

[36] Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 46-беренесине ылайык, талапкерлер үгүт эрежелерин бузууда алардын же алардын өкүлдөрүнүн түздөн-түз тиешеси болгондо гана каттоодон чыгарылышы мүмкүн. Андан тышкары, БШК бул партияларга эскертүү берүүгө макул болгон жок.

## Үгүт чөйрөсү

Үгүт кампаниясынын расмий мөөнөтү 4-сентябрда башталган жана добуш берүүгө 24 саат калганда аяктайт. Жалпысынан алганда, үгүт учурунда негизги укуктар сакталып, катышуучулар үгүт иштерин эркин жүргүзүштү. Бирок, ДИАУБ ШЧБМ үгүт жүргүзүүдө чектөөлөр бар экендигин, анткени партиялар накталай кайрымдуулук каражаттарын ала алышпагандыгын белгилешет, ал эмии 2019-жылдагы Шайлоо жөнүндө мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолордон кийин талапкерге каршы сыналгыдан терс маанидеги үгүт иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат.[37] Мындан тышкары, бир нече жаңы партиялар ДИАУБ ШЧБМге үгүт иштерин жүргүзүп жаткан кызматкерлерине каршылаштары тарабынан кысым көрсөтүлүп жаткандыгын, жана алардын үгүт иш-чаралары мамлекеттик коопсуздук органдары тарабынан тымызын көзөмөлдөнүп жаткандыгына болгон тынчсыздануусун билдиришти.[38] Үгүт иштери жалпысынан тынч мүнөздө өттү, бирок, Ош облусундагы партиянын тарапкерлеринин ортосунда болуп өткөн карама-каршылыктар өзбек коомчулугунун тынчын алды.[39]

Башында, COVID-19 пандемиясынан улам добуш берүүчүлөр менен жекеме-жеке жолугушууларды өткөрүүдө белгисиздиктер болгондугуна карабастан, жалпы атаандаштык жана жандуу үгүт иштерин жүргүзүү үчүн ар кандай каражаттар колдонулду. Партиялар үгүт иштерин үймө-үй жүргүзүп, добуш берүүчүлөр менен чакан жолугушууларды, талкууларды өткөрүп келди, жана ошондой эле, үн күчөткүчү бар унаалар уюштурулуп, аудиовизуалдык жана басма материалдар мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды эске алуу менен жасалып чыгып, элге таратылды.[40] Көрнөк-жарнактар жакшы чагылдырылып, *"Биримдик"*, *"Мекеним Кыргызстан"* жана *"Кыргызстан"* партияларынын жарнактары өлкө боюнча эң көрүнүктүү болду.

Көпчүлүк партиялардын шайлоо платформалары дээрлик бири-бирине окшош жана ДИАУБ ШЧБМдин жүргүзгөн байкоосуна караганда добуш берүүчүлөрдүн арасында кеңири тараган эмес. Басма сөз жана теле дебаттарда көптөгөн партиялар мамлекеттик мекемелердин санын кыскартууга же экономиканы жана саламаттыкты сактоону реформалоого басым жасады. Бирок, ДИАУБ ШЧБМдин түз жана кыйыр байкоолору көрсөткөндөй, талапкерлер добуш берүүчүлөр менен болгон жолугушууларда жергиликтүү маселелерге жана жеке өзүлөрүн тааныштырууга, кээ бир учурларда пандемияга байланыштуу кайрымдуулук иштерди

---

[37] Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 28-беренесинин 6-бөлүмүнө ылайык, атаандаш сыналгычты башка атаандашка каршы добуш берүүгө, белгилүү бир талапкер шайланган учурда терс кесепеттерин сүрөттөөгө, талапкерлер жөнүндө терс комментарийлер ачыктан-ачык басымдуулук кылган, добуш берүүчүлөрдүн ошол талапкерге карата терс мамилесин жаратууга салымын кошкон маалыматтарды таратуу үчүн телекөрсөтүүнү колдоно албайт.

[38] Маселен, 14-сентябрда *"Реформа"* партиясы Ички иштер министрлигине жана Башкы прокурорго чыгамдарды кайтарып берүүсүн талап кылган расмий кат жөнөткөн, анткени алардын 13-сентябрда Нарын облусундагы үгүт иш-чарасы укук коргоо органдарынын жарандык кийимчен өкүлдөрү тарабынан мыйзамсыз көзөмөлгө алынып, үзгүлтүккө учураган.

[39] 20-сентябрда Араван районунда (Ош облусу) *"Мекеним Кыргызстан"* менен *"Биримдик"* партияларынын тарапкерлеринин ортосунда катуу кагылышуу болду. Мушташка болжол менен 100 адам катышып, 13кө жакыны жаракат алган.

[40] 2019-жылы Шайлоо жөнүндө мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдөн жана толуктоолордун кийин, саясий партиялар сурдо тили же субтитр менен аудио-визуалдык үгүт материалдарын даярдоого жана жайылтууга, кеңейтилген жана Брайл шрифти менен материалдарды даярдоого жана мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөр үчүн башка атайын каражаттарды колдонууга милдеттүү.

жасагандыгына көбүрөөк көңүл бурушкан.[41] ДИАУБ ШЧБМ тарабынан 47 жолугушууга байкоо жүргүзүшкөн жана ал жолугушууларга негизинен аялдар катышкандыгына карабастан, үгүттөөдө гендердик маселелер дээрлик орун алган эмес.[42] Шайлоо программаларынын жана конкреттүү маселелер боюнча талкуулардын жоктугу добуш берүүчүлөрдүн негиздүү тандоо мүмкүнчүлүгүн чектеди.

Үгүт жүргүзүү социалдык тармактарда жана Фейсбук, Инстаграм, Ватсап сыяктуу социалдык тармактарда да жакшы жүрүп жатты. Онлайн үгүттөөгө мыйзам тарабынан жол берилет бирок, БШК онлайн үгүт ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө үчүн жетиштүү куралдардын жоктугун билдирди.[43] Көпчүлүк партиялар БШК тарабынан демилгеленген Жүрүм-турум Кодексине кол коюу менен онлайн өнөктүктүн эрежелерин сактоого милдеттенишкени менен, оппоненттердин арасында дезинформациялык нуктагы өнөктүктөр, айрыкча жеке баракчасы, кээде жасалма аккаунттар аркылуу тез-тез болуп тургандыгын ДИАУБ ШЧБМге айтышты.[44] Бирок, социалдык тармактардагы аккаунттарды колдонгон адамдардын ким экендигин тастыктоо кыйынга тургандыгына байланыштуу өнөктүктүн катышуучулары терс үгүттөргө байланышкан расмий арыздарды анда-санда гана берип келди. Ошондой эле, ДИАУБ ШЧБМ шайлоо күнүнө жакын душмандык нуктагы жалган маалымат таратуу өнөктүгү күч алгандыгын байкашты.[45]

ДИАУБ ШЧБМ бүткүл өлкө боюнча өздөрүнүн маектештеринен мыйзамда тыюу салынганы менен добуштарды сатып алуу жана административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу учурлары болуп жаткандыгы боюнча көптөгөн ишенимдүү отчетторду алышты. Бирок, көпчүлүк учурда, маектештер ДИАУБ ШЧБМга мындай учурлар натыйжалуу чечилээрине ишенбестигин жана ошол себептен улам арыз жазышпагандыгын билдиришти. ДИАУБ ШЧБМ мамлекеттик кызматкерлердин үгүт иштерине мажбурлап катышкандыгынын белгилерин байкады.[46] Добуш берүүнүн купуялуулугуна болгон кепилдиктерге карабастан, мамлекеттик кызматкерлердин өч алуудан коркпой добуш берүү мүмкүнчүлүгүнө кооптонууну

---

41 Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык, шайлоо дайындалган күндөн баштап, атаандаштар жана алардын жакын туугандары тарабынан кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө тыюу салынганына карабастан, ДИАУБ ШЧБМ кайрымдуулук иш-чаралары, айрыкча, “*Биримдик”, “Мекеним Кыргызстан”, “Кыргызстан”* жана *“Республика*” партияларынын пандемия учурунда жүргүзгөн иш-чаралары айрым талапкерлердин үгүт иштеринде өзгөчө орун алган учурларды белгиледи.

42 ДИАУБ ШЧБМу бардык жети облустардын айыл жана шаарларында, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларындагы үгүт иш-чараларына байкоо жүргүздү.

43 БШК ДИАУБ ШЧБМга партиялардын үгүт каражаттарына аудит жүргүзүү учурунда Фейсбуктун китепканасын пайдалануу ниети жөнүндө маалымдады.

44 *“Чоң Казат”, “Республика”, “Мекеним Кыргызстан”* жана *“Социал-Демократтар”* партиялары ДИАУБ ШЧБМга жалган маалымат тараткан иш-аракеттер тууралуу билдиришкен.

45 ДИАУБ ШЧБМнын түздөн-түз байкоосунда жана маалымдалган учурларда, жалган маалымат кампаниялары көбүнчө кыргыз коомунун консервативдик сегменттеринде сезимтал болуп кабыл алынган маселелердин айланасында курулган. Аларга айрым партияларды Батыштын каржылоосу *(“Чоң Казат”, “Реформа”*), лидер аялдардын гомосексуалдык багыттагы иш-чараларды колдоосу (“*Реформа”*) же айрым партиялардын ЛГБТ коомчулугунун укуктарын коргоого ниеттенгендиги (“*Реформа”, “Бир Бол”, “Ата Мекен”*) кирген. Маалыматты таратуу социалдык тармактарда жана смс кампаниялары аркылуу өттү.

46 Мисалы, ДИАУБ ШЧБМ 15-сентябрда Талас шаарында өткөн *“Кыргызстан”* партиясынын эл менен долугушуусунда катышуучулардын тизмесине байкоо жүргүзгөндө, ага жыйырма мамлекеттик кызматкер иш-чарага катышкандыгын тастыктоо үчүн кол коюшу керек болчу деген байкоолорун билдирген. Ушундай эле тажрыйба 2-октябрда Бишкек шаарында өткөн *“Биримдик”* партиясынын эл менен жолугушуусунда дагы байкалган.

жаратты жана бул көрүнүштөр ЕККУнун милдеттенмелерине жана башка эл аралык стандарттарга дал келбейт.[47]

## Үгүт иштерин каржылоо

Партиялар мыйзам боюнча үгүт иштеине жумшала турган каражаттар үчүн атайын банк эсептерин ачууга милдеттендирилет. Үгүт иштери жеке булактардын эсебинен каржыланат, ал эми мамлекет тарабынан түз каржылоо каралган эмес. Жеке салымдарга болгон чектөөлөр бар жана бир партиянын үгүт чыгымдары 300 миллион сомдон ашык болбошу керек (болжол менен 3,2 миллион евро).[48] Накталай түрдө жардам берүүгө, ошондой эле чет өлкөлүк, мамлекеттик же белгисиз булактардан, диний жана кайрымдуулук уюмдарынан келип түшкөн салымдарга тыюу салынат.

Эл аралык тажрыйбадан алыстап, Кыргызстанда материалдык жардам көрсөтүүгө мыйзам чегинде жол берилбейт, мындай жобо жаңы жана аз каражаттары бар партияларга болгон бирдей шарттарды төмөндөтөт.[49] Азыркы укуктук базанын негизинде, ар бир үгүт кызматкери жана партиянын байкоочусунун маянасы салыктарды эске алуу менен бирге базар баасында болуусу керек, мындай талаптар волонтерлорду ишке тартууга тыюу салат.[50] Ошентип, үгүттүк иштер маалында адамдык ресурстар компонентин каржылоо үчүн талап кылынган жалпы сумманын өзү көптөгөн майда партиялардын каржылык мүмкүнчүлүгүнөн ашып кетиши мүмкүн.[51] Мындан тышкары, ДИАУБ ШЧБМдин маектештери билдиришкендей материалдык жардамдар түшүп жатты, бирок эч бир отчетто чагылдырылган жок жана мындай көрүнүш

---

47 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 7.7-пункту Мамлекет – катышуучуларды “үгүт иштерин “мыйзам жана мамлекеттик саясат үгүт иштери акыйкат жана эркин чөйрөдө, партиялардын жана талапкерлердин өз көз караштарын жана баалоосун эркин билдирүүсүнө эч кандай административдик иш-аракеттер, зордук-зомбулук жана коркутуп-үркүтүү аркылуу тоскоолдук жаратууга тыюу салынышына кепилдик берүүсүн” талап кылат. МУКтун ЖСУЭПке 1996-жылдагы 25 - башкы комментарийинин 19-пунктунда "Добуш берүүчүлөр өз алдынча, зомбулуксуз же зордук-зомбулук коркунучу жок, мажбурлоо, түрткү берүү же ар кандай түрдөгү манипулятивдик кийлигишүү болбостон, өз пикирин түзө алышы керек" деп жазылган. Ошондой эле 2010-жылдагы ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча 209-пунктун караңыз.

48 Жеке жактар 200 000 сомго чейин (болжол менен 2 120 евро), юридикалык жактар 3 миллион сомго чейин (болжол менен 32 000 евро), талапкерлер 1,5 миллион сомго чейин (болжол менен 16 000 евро), ал эми партиянын өзү эң көп дегенде 100 миллион сомго чейин (болжол менен 1 060 000 евро) кайрымдуулук көрсөтө алышат.

49 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 41-беренесинин 10-пунктуна ылайык, Юридикалык жактарга, алардын бөлүмдөрүнө, өкүлчүлүктөрүнө, ошондой эле жеке адамдарга шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрдө байланыштуу жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатууну бекер аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн бааларда аткарууга тыюу салынат. *"Реформа"* жана *"Чоң Казат"* партиялары бул жөнгө салуу алардын үгүт өнөктүгүнө олуттуу таасир тийгизгендигин билдиришти, анткени каражаттын жоктугунан алар ыктыярдуу активисттерге таянууну көздөшкөн. Мындан тышкары, ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча колдонмосунун 170-пунктунда “... бардык адамдар өздөрү каалаган саясий партияны каржылык жана накталай салымдар менен колдой тургандыгын эркин билдирүүгө укуктуу” деп белгиленген.

50 ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча көрсөтмөсүнүн 182-пунктунда “эмгек түрүндө же товарлар жана кызматтар түрүндө болобу, накталай салым кошкон жеке адамдарга салык насыяларын берүү жакшы тажрыйба. Мамлекеттик мыйзамдар, мындай салымдардын, анын ичинде саясий партияларга натуралдык төгүмдөрдүн салыктык чегерилишине жол беришлиши” тиешелүү мөөнөттө жана чектерде мүмкүн деп белгиленген.

51 Мисалы, 3500 мүчөдөн турган үгүт тобун базар баалары менен каржылоо үчүн талап кылынган бюджет алтыдан он миллион сомго чейин болушу мүмкүн. Ошол эле учурда, атаандашкан 16 партиянын ичинен 6 жалпы кирешеси 10 миллион сомдон төмөн болгонун билдиришти, ал эми башкаларынын кирешеси он эсе жогору болду.

үгүт иштерин каржылоонун ачык-айкындыгын жана бүтүндүгүн төмөндөтүп, эл аралык стандарттарга карама-каршы келет.[52]

Үгүт өнөктүгүн каржылоону көзөмөлдөө БШКга жүктөлгөн. Партиялардын кирешелери жана чыгашалары жөнүндө банктардан алынган маалыматтар ар жума сайын БШКнын сайтына жарыяланган. Азыркы убакытта, БШКнын 2020-жылдын июнь айында кабыл алынган Жобосуна ылайык атайын түзүлгөн комиссия, ДИАУБдун мурунку сунуштарын жарым-жартылай аткаруу менен бирге, жалпы кетирилген каражатты гана көрсөтүүнүн ордуна, ар бир кирген киреше жана чыгаша булактарын жана көлөмүн чагылдырды.

Бул жолку шайлоолор үчүн саясий партиялар шайлоо күнүнө чейин эки каржылык отчетун жана шайлоодон кийин акыркы отчетун берүүсү керек.[53] Баштапкы эки каржылык отчет тапшырылып, БШКнын веб-сайтына жайгаштырылды. Алынган маалыматка ылайык, үгүт иштерине сарпталган чыгымдар боюнча “*Биримдик”, “Мекеним Кыргызстан”* жана “*Кыргызстан”* саясий партиялары алдыга чыкты.[54] БШК үч отчетту тең текшергенине карабастан, анын жыйынтыгын жарыялоо мыйзамда каралган эмес, бул коомдук көзөмөлдү басаңдатат. Мындан тышкары, партиялардан жылдык каржылык отчетун берүүсү талап кылынбайт, бул үгүт иштерин каржылоонун ачыктыгын төмөндөтөт.

## Жалпыга маалымдоо каражаттары

Конституцияда пикир алмашууга жана басма сөз эркиндигине кепилдик берилет жана жалаа жапкандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салынат.[55] Бирок, ЖМКларга каршы келтирилген ашыкча чыгымга жана журналистке физикалык кол салууга болгон соттук териштирүүлөр,[56] ошондой эле шайлоо жарыялангандан кийин күчөгөн киберчабуулдар жана сын-пикирлерди билдиргени үчүн блогерлерди жана социалдык тармактын колдонуучуларын суракка алуу бара-бара өзүн-өзү цензуралоого жана сөз эркиндигин чектөөгө алып барат.[57]

[52] БУУнун 2003-жылдагы Коррупцияга каршы конвенциясынын 7.3-беренесинде мамлекеттер "шайланууучу мамлекеттик кызматка талапкерлерди каржылоонун ачыктыгын жогорулатуу үчүн ... тиешелүү мыйзамдык жана административдик чараларды көрүүгө ..." милдеттениши керек.

[53] БШКга биринчи каржылык отчет каттоо документтер менен бирге, экинчи отчет - 24-сентябрга чейин, ал эми жыйынтыктоочу отчет - шайлоо күнүнөн кийин 10 күндүн ичинде берилиши керек.

[54] 24-сентябрга чейин үгүт иштерине *"Биримдик"* - 87,4 миллион сомду, *"Мекеним Кыргызстан"* - 111,9 миллион сомду жана *"Кыргызстан"* - 87,5 миллион сом жумшагандыгын билдирди. Башка партиялардын ар бири чыгымдардын 46 миллион сомдон төмөн экендигин билдиришти.

[55] ЕККУнун Медиа эркиндиги боюнча өкүлү (МЭӨ) буга чейин жалаа жабуу боюнча доо арыз менен талап кылынган чыгымдар пропорционалдуу эмес экендигине тынчсыздануусун билдирген.

[56] Бул эки иш тең коррупция боюнча журналисттик иликтөөлөргө байланыштуу. 2019-жылдын ноябрь айында журналисттик иликтөө жарыялангандан кийин *"Азаттыктын" "Азаттык" радиосу, "Клооп"* жана *"24.kg"* жана ошондой эле бул журналисттик иликтөөнү жетектеген журналистке карата сот иши козголду. Январь айында, коррупция боюнча ири иликтөөсүн жарыялаган учурда, FactCheck тергөө веб-сайтынын башкы редакторуна болгон кол салуудан кийин эки кылмыш иши козголду. Шектүү кылмышкерлерге каршы козголгон иш боюнча тергөө иштери аяктап, сотко өткөрүлүп берилсе деле, кол салууну уюштурган делген кишиге козголгон иш дагы деле тергелип жатат.

[57] Шайлоо өнөктүгү жүрүп жаткан мезгилде, *24.kg* онлайн платформасынын башкы редактору Twitter аккаунтуна убактылуу кире алган эмес, бирок кирүүсү калыбына келтирилгенден кийин айрым твиттер биротоло өчүрүлгөн. Президент парламенттик шайлоонун күнүн жарыялагандан кийин, Change.org петициялардын сайтына Кыргызстанда бөгөт коюлган, анткени бир нече жарандардын тобу президентти кызматтан кетүүсүнө чакырган петицияны башташкан. Ички иштер министрлиги Фейсбуктагы Меместан баракчасынын администраторун суракка чакырды. Президенттин YouTube каналындагы COVID абалы боюнча расмий билдирүүсү төрт миң киши аны жактырбагандан кийин өчүрүлүп, комментарий калтыруу бөлүмү алынып кайрадан жүктөлгөн.

Мындан тышкары, мыйзамдардын сөз эркиндигине байланыштуу кээ бир жоболору кошумча көйгөйлөрдү жаратат.[58]

Телекөрсөтүүлөр эң маанилүү маалымат булагы бойдон калса, ал эми онлайн медиа барган сайын жаңылыктардын альтернативдүү булагына айланууда. Көптөгөн жалпыга маалымдоо каражаттары мамлекеттин каржылоосунда жана мамлекеттин мүлкү болуп эсептелинет, бирок, ошого карабастан, кээ бир коммерциялык телеканалдар жана гезиттер саясатчыларга таандык деп божомолдонуп, айрымдары гана чыныгы көзкарандысыз деп таанылып келет. COVID-19 пандемиясы тарабынан коюлган чектөөлөрдүн ордун толтуруу максатында, БШК талапкерлерге коомдук жана мамлекеттик ЖМКларда акысыз эфирдик убакыт ажыратып берип, коомдук *КТРК* жана мамлекеттик *ЭлТР* телеканалдарынын ар биринен мыйзамда бөлүнгөн убакытка кошумча акысыз эфир бөлүп берди. Тилекке каршы, жаңылыктар жана күндүн маанилүү окуялары бөлүктөрүндө редакциялык макалалардын жоктугу, тескерисинче, партиялардын жана талапкерлердин бирдей эмес финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө басым жасап, негизинен шайлоо процессинин катышуучулары тарабынан даярдалган жана төлөнгөн көрсөтүүлөр прайм-тайм убактысында чагылдырып жатты. Бул фактор, өкмөт жана президент жөнүндөгү маалыматтардын элге кеңири жайылышы сыяктуу, добуш берүүчүлөргө жеткиликтүү болгон маалыматтардын жана ой-пикирлердин сапаттуулугуна, ар түрдүүлүгүнө таасирин тийгизди.

Жаштарга, аялдарга жана партия лидерлерине арналган өзүнчө теледебаттар коомдук *КТРКда* жана мамлекеттик *ЭлТР* телеканалдарында көрсөтүлдү. Дебаттар 16 саясий партиянын талапкерлерине бирдей мүмкүнчүлүк берип, эфирдик убакытты сатып алууга каражаты аз атаандаштарга кошумча мүмкүнчүлүк түзүп бергени менен, алар ЖМКда редакциялык материалдардын жетишсиздигинин ордун толтурушкан жок.[59]

Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык ЖМК атаандаштарга бирдей мамиле жасап, объективдүү жана басмырлабаган маалыматтарды берүүгө милдеттендирилет. Бирок, шайлоо мыйзамдарын БШКнын кээ бир мүчөлөрү бирдей мамиле жасоого, ошондой эле "үгүт жүргүзүү" жана "добуш берүүчүлөргө маалымат берүү" сыяктуу аныктамаларга карата эки ача чечмелөө берип, бир катар ЖМКнын үгүт кампаниясын чагылдыруусуна тоскоолдук жаратты.[60] Кээ бир ЖМК БШКнын аккредитациясын жоготуп албоо же материалдык санкцияга кабылбоо үчүн кээ бир партиялардын шайлоо иштери тууралуу маалыматты берүүдөн баш тартканын ДИАУБ ШЧБМге билдиришти. Партиялардын үгүт иштерин чагылдыруу мыйзамга каршы келет деп бааланып калуусу ыктымал эле.

---

58 Аларга Кылмыш кодексинин 313-беренесинин, "улуттук (этностор аралык), расалык, диний же региондор аралык кастыкты козутууга" байланыштуу, кеңири формулировкаланган жана сөз эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга дал келбеген ченемдери кирет; Президентке жана экс-президенттерге жогорку коргоону камсыз кылган Президенттин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө Мыйзамдын 4-беренеси келтирилген. Башкы прокурор президенттин атынан сотко кайрылуу укугу. 2018-жылы жарандардын тобу Жогорку соттун Конституциялык палатасында ушул берененин конституцияга шайкештигин талашып, ал жарым-жартылай канааттандырылып, тиешелүү мыйзамдык түзөтүүлөргө дуушар болгон. ДИАУБ ШЧБМдин маектештери,Кодекстин 44-беренесине ылайык журналисттерге жана жалпыга маалымдоо каражаттарына тандалма мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жаза чарасын караштырган, ашыкча санкция берилген деп эсептейт

59 Дебаттар учурунда *КТРК* дагы, *ЭлТР* дагы жаңдоо тилине колдоо көрсөткөн жок.

60 Көпчүлүк учурда "үгүт" ЖМК тарабынан үгүт материалдарын келишимдик негизде жайгаштыруу жана талапкерлердин каражаттарынан төлөнүп берүү деп чечмеленсе, мыйзамда уруксат берилгендей, "добуш берүүчүлөргө маалымат берүү" деген түшүнүк бүдөмүк деп табылып, БШКнын мүчөлөрү тарабынан ар кандай чечмеленген.

БШКнын жеке ЖМКларда дебаттарды өткөрүүдөн баш тартуу боюнча сунушу алардын көзкарандысыздыгы жана эркиндиги үчүн олуттуу чектөө болуп саналат жана добуш берүүчүлөргө жеткиликтүү болгон ар кандай маалыматтарды чектейт, бул коомдук маселелерди ачык талкуулоого терс таасирин тийгизет. Мындай чектөөлөр, каражаты азыраак шайлоо жараянынын катышуучуларынын маалыматты жеке маалымат каражаттарында чагылдырууга болгон мүмкүнчүлүктөрүн кыскарткан.[61]

ДИАУБдун мурунку сунуштарына карабастан, ЖМК, анын ичинде онлайн басылмалар, шайлоону чагылдыруу үчүн БШК тарабынан аккредитациядан өтүшү керек жана шайлоонун катышуучуларына жарнамалык эфирдик убакытты жана мейкиндикти сатыш керектиги айтылат. Бир талапкердин аброюна шек келтиргендиги тууралуу ЖМКнын үстүнөн БШКга бир арыз келип түшүп, арызданган тарап аккредитацияны жокко чыгарууну талап кылды. БШК бул өтүнүчтү четке кагып, маалымат каражаттарына төгүндөө мүмкүнчүлүгүн сунуштады. Үгүт маалында БШК бир дагы ЖМКнын аккредитациясын жокко чыгарбагандыгына карабастан, аны жоготуу, журналисттер арасында өзүн-өзү цензуралоого алып келди.

ДИАУБ ШЧБМдин ЖМКга жүргүзгөн мониторингинин жыйынтыгы көрсөткөндөй, *КТРК* коомдук телерадиокомпаниясы өкмөттүн жана президенттин иш-аракеттерин жана саясий партиялар тарабынан даярдалган жаңылыктарды көбүрөөк чагылдырылган. Иштин мындай абалы алардын редакциялык саясатына карама-каршы келип, бул коомдук телерадиокомпаниялардын жаңылыктарды жана аналитикалык программаларды чыгаруудагы плюрализмге болгон артыкчылыкты басаңдатат.[62] ДИАУБ ШЧБМ прайм-тайм убагындагы жанылыктарын көзөмөлдөгөндө *КТРК* 64 пайыз өкмөттүн ишмердүүлүгүнө, 11 пайыз президентке, 6 пайыз БШКнын ишмердүүлүгүнө жана 19 пайыз партия тарабынан каржыланган саясий контентке берсе, ал эми, саясий партиялар жөнүндөгү маалыматты бир аз чагылдырууга 1 эле пайыз бөлүп берди. Мамлекеттик *ЭлТР* телеканалы жаңылыктар бөлүгүндө 65 пайыз убакытты өкмөткө, 18 пайыз президенттин ишмердүүлүгүн чагылдырууга, 8 пайыз убакытты саясий партиялар тарабынан каржыланган жаңылыктарга, БШКнын ишмердүүлүгүн чагылдырууга 8 пайыз убакыт, ал эми талапкерлер арасындагы редактордук контентке 1 пайыз эле убакытты бөлүп берди. Ушундай эле тенденция Коомдук *Биринчи радиодо* дагы байкалды.

*НТС* жана *7-канал* коммерциялык телеканалдары шайлоону ар тараптуу жана маанилүү, анын ичинде талапкерлерди ар жактан чагылдырып турду. Ошол эле убакытта, бул телеканалдар, өкмөттүн жана президенттин иш-аракеттерин, ошондой эле партиялар тарабынан даярдалган жана төлөнгөн саясий үгүт материалдарын да чагылдырууга жетишти. ДИАУБ ШЧБМ тарабынан көзөмөлдөнгөн прайм-тайм убагындагы жаңылыктарда *НТС* эфирдик убактысынын 37 пайызын партиялардын үгүт материалдарына, ал эми шайлоо алдындагы үгүттүн редакциялык чагылдыруусуна 7 пайыздан аз убакыт бөлүп берди. Ошол эле учурда, *7-канал* эфирдик убакыттын 33 пайызын шайлоо фонддору тарабынан төлөнгөн үгүт материалдарына, 19 пайызын редакциялык, көбүнчө бейтарап же терс өңүттө чагылдырууга берди. Калган эфир убактысы өкмөттүн, президенттин жана БШКнын ишмердүүлүгүн чагылдырууга арналган.

---

[61] 22-сентябрдагы үгүт иштери жана добуш берүүчүлөр үчүн маалымат боюнча БШКнын Жумушчу тобунун жазуу жүзүндөгү жообунда *Next TV* телеканалына дебаттарды уюштуруудан алыс болуу сунушталган. Бул жоопту жеке менчик маалымат каражаттары БШКнын, аларга өз дебаттарын уюштурууга тыюу салган, расмий позициясы катары кабыл алышты. Бул чечим кээ бир конкурсанттар катышуудан баш тарткан учурда, аларга бирдей шарт түзүлбөй калат деген негизде кабыл алынган.

[62] 8-сентябрда ДИАУБ ШЧБМ үгүт кампаниясынын сандык жана сапаттык мониторингин баштады. Медиа мониторингдин тандоосуна төрт телеканал, коомдук *КТРК*, мамлекеттик *ЭлТР* жана коммерциялык *НТС* жана *7-канал* кирген; коомдук *Биринчи радио* жана үч жеке гезиттер *"Дело No"*, *"Супер инфо"* жана *"Вечерний Бишкек"*. Алардан сырткары, ДИАУБ ШЧБМ *kaktus.media*, *24.Kg* жана *April TV* интернет түйүндөрүндө үгүт иштеринин чагылдырылышын байкап турду.

Интернет басылмаларында саясий партиялардын программалары жана талапкерлердин профилдерине арналган көбүрөөк аналитикалык материалдар таратылды. Бирок, маалымат каражаттары негизинен үгүт материалдарынын көлөмүн тең салмактай албай, шайлоо алдындагы иштерге байланыштуу редакциялык материалдарды тийиштүү көлөмдө бере алышкан жок. ДИАУБ ШЧБМ тарабынан көзөмөлдөнгөн *24.kg* 38 пайыз жана *Kaktus.media* 26 пайыз онлайн аянтчасын БШКнын жана шайлоонун катышуучуларынын редактордук контентине багыштаса, ал эми үгүт материалдарына аянтчасынын 62 жана 74 пайызын бөлүп берген.

Мониторинг жүргүзүлгөн басма сөз каражаттарында акы төлөнүүчү саясий контент дагы басымдуулук кылып, добуш берүүчүлөргө объективдүүлүгү жактан чектелген аналитикалык маалыматтарды сунушташып, айрым учурларда белгилүү партияларга байланыштуу терс маанайдагы маалыматтар берилип жатты.

## Арыздар жана кайрылуулар

Талаш-тартыштарды чечүү үчүн мыйзамдарда жетишээрлик укуктук негиздер түзүлгөн жана ошол эле учурда, кайрылууларды бирдиктүү иерархия жана кыска убакыттын ичинде карап чыгуу принциптери колдонулат. Шайлоо комиссияларынын чечимдерине, аракеттерине жана аракетсиздигине карата жогору турган комиссияларга, ал эми БШКнын чечимдерине биринчи Бишкек шаарынын Административдик сотуна, андан кийин Жогорку сотко даттанууга болот. Арыздарды жана кайрылууларды добуш берүүчүлар, саясий партиялар, талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, жарандык коом уюмдары жана байкоочулар бере алышат. Бирок, байкоочулар байкоочулар жана добуш берүүчү тарабынан берилген БШКнын чечимдерине каршы даттанууларды кароодо, Бишкек шаарынын Административдик Соту мыйзамдын чектелген чечмелөөсүн колдонуп, Шайлоо жөнүндө мыйзамында каралган шайлоо комиссияларынын чечимдерине каршы добуш берүү укугун чектеп койду.[63] Шайлоонун жыйынтыгы боюнча талапкерлер, саясий партиялар жана алардын ишенимдүү адамдары гана арыз бере алганы эл аралык тажрыйбага туура келбейт.[64]

БШКнын арыздар реестринде көрсөтүлгөндөй, 4-октябрга карата шайлоо комиссияларына 137 арыз келип түшкөн.[65] БШКга келип түшкөн рыздардын көпчүлүгү Арыздарды жана даттанууларды кароо боюнча жумушчу топ тарабынан каралып, тийиштүү жооптор берилген, бирок БШКнын отурумунда алардын 54 гана каралган. Аталган топтун отурумдары ачык өткөндүгүнө карабастан, бардык арыздардын БШК тарабынан каралбагандыгы коллегиалдуулук принцибин бузат жана тараптардын андан аркы сот иш-аракеттеринде

---

[63] 24-сентябрда жана 2-октябрда Административдик сот административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн санкцияны колдонгон жана талапкерди каттоодон чыгаруу өтүнүчүн четке каккан БШКнын чечимдери даттанууга жатпайт, анткени бул чечимдер кызыкдар тараптардын шайлоо укуктарын буза албайт деп чечти. Бул чечимдерди Жогорку сот күчүндө калтырган.

[64] Венеция Комиссиясынын Абийирдүү тажрыйба кодексинин II.3.3.f паратграфы "бардык талапкерлер жана тиешелүү округда катталган бардык добуш берүүчүлөр даттанууга укуктуу болушу керек. Добуш берүүчүлөрдүн шайлоонун натыйжалары боюнча кайрылуулары үчүн негиздүү кворум берилиши мүмкүн".

[65] Андан тышкары, БШК добуш берүүчүлөрдүн жана шайлоого кызыкдар болгон адамдардын 500дөн ашуун суроо-талаптарына жана арыздарына жооп берди, алардын көпчүлүгү БШКга электрондук почта же социалдык тармактар аркылуу жөнөтүлгөн. БШК өзүнүн сайтында арыздардын реестрин жүргүзөт, бирок даттануулар боюнча чечимдер кечигүү менен жайгаштырылат.

укуктук белгисиздикти жаратат.[66] Ошондой эле, БШКнын даттануулар боюнча кээ бир чечимдери мыйзамда каралган мөөнөттөн кечиктирилип чыгарылган. [67]

БШК тарабынан чыгарылган чечимдердин онунун үстүнөн даттануулар келип түшкөн, алардын ичинен тогузоо талапкерлерди каттоо жана каттоодон чыгарууга байланышкан болсо, ал эми бирөө административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдаланууда колдонулган санкцияга каршы болгон.[68] Сот БШКнын талапкерлерди каттоо боюнча үч чечимин жараксыз деп тапты. Административдик соттун чечимдери боюнча аз дегенде алты арыз Жогорку сотко жиберилген; алардын экөөсү БШК тарабынан берилип, бирок эки арыз боюнча тең сот тарабынан четке кагылган. Административдик жана Жогорку соттордогу угуулар негизинен ачык өтүп, процесстин бардык кепилдиктерин сактоо менен жүргүзүлгөн. 29-сентябрда Административдик сот талапкер Маннановдун Араван окуясына түздөн-түз тиешеси бар экендигин тастыктаган далилдер жок болгондугуна карабастан БШКнын каттоодон чыгаруу чечимин колдоду; ал эми Жогорку сот 3 октябрда ал чечимди күчүндө калтырган.

2020-жылдын июль айында Жогорку Кеңеш административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн жана добуш сатып алууга тиешеси бар адамдарды жоопко тартуу кепилдигин бекемдеген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алган. Ушул жылдын 30-сентябрына карата, прокуратура жана ички иштер башкармалыгы жалпысынан добуштарды сатып алуу боюнча 63 кылмыш ишин терген, административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу боюнча 17 ишти иликтеп чыгышты. Учурда бул арыздар боюнча бир дагы кылмыш иши козголуп, сотко жиберилген жок.[69] ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештери Шайлоо жөнүндө мыйзамын бузууларга каршы күрөшүүдөгү ишенимдин жоктугун, айрыкча укук коргоо органдарынын иш-аракеттеринин натыйжалуулугуна жана соттордун калыстыгына ишенимдин жоктугун билдиришти.

## Улуттук азчылыктардын шайлоого катышуусу

Кыргызстан - түрдүү этностор жашаган мамлекет, ал эми азчылыктардын жалпы саны калктын 27 пайызын түзөт. [70] Эң көп сандагы азчылыктардын жамааты негизинен Ош жана Жалал-Абад облустарында жашаган этникалык өзбектерден турат, пайыздык катнаш менен алганда Ошто 28 жана Жалал-Абадда 24 пайызды түзөт. Саясий партиялардын курамын улуттук негизде түзүүгө мыйзамда тыюу салынган.

---

[66] Бир катар учурларда, арыздарга жоопту Жумушчу топтордун башчылары БШКнын бланкында расмий түрдө беришкен, бирок бул жоопторду сотко даттануу үчүн БШКнын расмий чечими катары кабыл алса болобу деген арызданууучулардын күмөн саноосун пайда кылды. БШКга жана АШКларга келип түшкөн арыздардын көпчүлүгү үгүт жүргүзүү эрежелеринин бузулгандыгы, добуш берүүчүлөрдү каттоого байланыштуу маселелер, ошондой эле добуш сатып алуу жана административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу боюнча отчетторго байланыштуу болгон.

[67] ДИАУБ ШБЧМ АШКларга келип түшкөн даттануулар жөнүндө бир нече гана отчетторду алган.

[68] 21-сентябрда Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы Административдик сотко апеляциялык арызын берген. Арыз ээси парламенттин төрагасынын милдетин аткаруучу Жумабеков мырза административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн, БШКнын “Кыргызстан” партиясына болгону эскертүү берген чечими туура эмес деп, Жумабеков Д. каттоодон чыгарылышы керек болчу деп айыптаган. Сот Жумабеков мырза мыйзамдын талаптарын бузбагандыгын таап даттанууну канааттандырган жок.

[69] 2019-жылдагы Шайлоо жөнүндө мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, БШКнын жана АШКнын деңгээлинде шайлоо мыйзамдарын бузуу жөнүндө билдирүүлөргө тез жооп берүү үчүн Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор түзүлгөн; алардын курамына шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана прокуратура, ички иштер органдарынын жана улуттук коопсуздук агенттигинин өкүлдөрү кирет.

[70] Азчылык топторуна озбектер (14.7 пайыз), орустар (5.3 пайыз), дунгандар (1.2 пайыз), уйгурлар (1 пайыз), ошондой эле тажик, казак, татар, украин, корея, түрк-месхетиктерден турган чакан топтор кирет.

Этникалык азчылыктын өкүлдөрүнөн турган талапкерлер үгүт иштерине алардын компакттуу жашаган аймактарында активдүү катышты, бирок, ошол эле учурда, саясий партиялардын программаларында улуттар аралык мамилелерди камтыган суроолор чагылдырылган жок. Добуш берүүчүлөргө маалымат жана үгүт иштерин чагылдыруу боюнча материалдары эч кайсы азчылыктардын тилинде чыгарылган эмес, мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдеринде гана жарыяланган.

Өзбек азчылыгынын айыгышкан мүнөздөгү атаандаштыгы Ош жана Жалабад облустарындагы жамааттардын мүчөлөрүн бир топ тынчсыздандырып, алардын кооптонуу сезимине өбөлгө түздү. Араван районундагы *"Мекеним Кыргызстан"* жана *"Биримдик"* партияларынын тарапкерлеринин ортосундагы массалык мушташ, эки этникалык өзбек талапкерлердин тизмеден чыгарылышына алып келди. Жалал-Абадда *"Мекеним Кыргызстан"* партиясынын атынан чыккан эки өзбек улутундагы талапкердин добуш сатып алгандыгы боюнча кылмыш иши козголгон. Маалыматка ылайык, алардын тарапташтары жана туугандары жергиликтүү бийлик жана укук коргоо органдары тарабынан аларга каршы көрсөтмө берүү үчүн кысымга алынганы белгилүү болду. ДИАУБ ШЧБМдин кээ бир маектештеринин айтымында бул окуялардан кийин социалдык тармактарда өзбек коомчулугуна карата жек көрүүчүлүк учурлары байкалды.

### Коомдук жана эл аралык байкоочулар

Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык, атаандаш партиялар, коомдук жана эл аралык байкоочулар шайлоо процессинин бардык этаптарына байкоо жүргүзүүгө укуктуу.[71] Ар бир саясий партия, бир шайлоо комиссиясынын курамына экиден, ал эми бейтарап жарандык байкоочулардын тобу үчтөн ашык эмес байкоочуга чейин каттай алат.[72] Бирок, ДИАУБдун мурунку берген сунуштарына карабастан,коомдук байкоо жүргүзүүдөгү тоскоолдуктар толугу алына элек. Саясий партиялардын байкоочулары бир нече шайлоо комиссияларында байкоо жүргүзүп, алардын чечимдерине каршы чыга алышат; ал эми, коомдук байкоочулар бир гана шайлоо комиссиясында байкоого жүргүзүп, шайлоо комиссияларынын чечимдерине каршы чыгуу укугу чектелген. Айрым жарандык коомдун өкүлдөрү саясий партиялар жана коомдук байкоочулар үчүн байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү бирдей эмес жана ошондой эле БШК жана АШКнын отурумдары жөнүндө маалыматтар кеч берилет деп билдиргенине карабастан, шайлоо комиссияларынын ишине ишенбөөчүлүк көрсөтүшкөн жок.

### Шайлоо күнү

ДИАУБдун методологиясына ылайык, ДИАУБ ШЧБМ шайлоого ар тараптуу жана систематикалык түрдө байкоо жүргүзгөн жок, миссиянын мүчөлөрү өлкөнүн бардык аймактарында чектелген сандагы шайлоо участкаларында болушту.

Шайлоо күнү жакшы өтүп, добуш берүү процесси жакшы уюштурулду. Добуш берүү эрте мененки саат 8: 00дөн кечки саат 20: 00гө чейин болуп, ал эми 3-сентябрда жүйөлүү себептери болгон добуш берүүчүлөргө, алардын арызынын негизинде шайлоо участкаларынан сырткары добуш берүү жүрдү. Жалпысынан шайлоо участкалары талаптагыдай жабдуулар менен камсыз болуп жана алардын жайгашкан жери добуш берүүчүлөрдүн иреттүү добуш берүүсүнө шарт түзгөн. Шайлоо участкаларынын көпчүлүгү мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөргө

---

71 35 эл аралык уюмдардын жана 43 өлкөлөрдүн элчиликтеринин 277 эл аралык байкоочулары БШК тарабынан парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн аккредитацияланган. Бардык 77 коомдук байкоочу топтор БШКга парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүү ниети жөнүндө билдиришти.

72 Коомдук байкоочулар БШКда жана АШКларда түздөн-түз катталышы мүмкүн.

жеткиликтүү болуп, пандустар жана добуш берүүчү кабиналар ыңгайлаштырылып орнотулгандыгына карабастан, бир нече шайлоо участкалары экинчи кабаттарда жайгашып, айрымдары талапка жооп берген эмес. Шайлоону уюштуруучулар маска жана дезинфекциялоочу каражаттарды бергени менен, COVID-19 пандемиясынын жайылышынан коргонуу чаралары дайыма эле сактала берген жок. Байкоочулар дене табы жогору добуш берүүчүлөрдү кантип кабыл алыш керектиги жөнүндө медициналык кызматкерлерден ар кандай жооптор келип жатканын айтышты. Шайлоо участкларынын сыртында жана ичинде социалдык дистанцияны кармоо сейрек байкалып жатты.

Майда техникалык маселелерге карабастан, добуш берүүчүлөрдү идентификациялоочу жабдуулар жана автоматтык саноо урналары жакшы иштеди. Күндүз ДИАУБ ШЧБМнын байкоочулары шайлоо участкаларындагы кезектерди, ошондой эле добуш берүүчүлөрдүн автобустар менен алынып келген бир нече учурларын байкады. Ал эми бир учурда, ДИАУБ ШЧБМнын байкоочулары шайлоо участогунун сыртында добуш берүүчүлөргө акча таратылып жаткандыгына күбө болушту.

Байкоо жүргүзүүнүн бардык этаптарында партиялардын жана коомдук уюмдардын байкоочулары болушту, көпчүлүк учурларда шайлоо мыйзамдарынын жоболору бузулаарына көңүл бурбастан, бир эле партиядан бир нече байкоочулар байкоо жүргүзүп жатты. Шайлоо процесси аяктагандан кийин, БШК ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн автоматтык саноо урналарынан алынган маалыматтардын негизинде толук алдын-ала жыйынтыктарды жарыялап баштады. БШК шайлоого катышкандардардын саны 56 пайызды түздү деп жарыялады.

***Англис тилиндеги түп нускасы бирден-бир расмий документ болуп эсептелинет.***
***Расмий эмес котормолор кыргыз жана орус тилдеринде жеткиликтүү.***

## МИССИЯ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫКТАРДЫ БИЛДИРҮҮ

**Бишкек, 5-октябрь 2020-жыл** - ЕККУнун жана башка эл аралык милдеттенмелерге, демократиялык шайлоолордун стандарттарына жана улуттук мыйзамдарга шайкеш келээрин аныктоо максатында атайын баалоо жүргүзүлдү.

ДИАУБ ШЧБМдин курамына борбор калаадагы 13 эксперт жана өлкө боюнча жайгаштырылган 18 узак мөөнөттүү байкоочулар кирди. ДИАУБдун методологиясына ылайык, шайлоо күнү миссиянын мүчөлөрү жети областын бардыгында жана Бишкек жана Ош шаарларында чектелген сандагы шайлоо участкаларында болушту, бирок алардын ачылышында, добуш берүүдө, добуштарды саноодо жана жыйынтыктарды чыгарууда толук кандуу, систематикалык түрдө байкоо жүргүзгөн жок.

ДИАУБ ШЧБМ шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакыргандыгы үчүн Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, көрсөткөн жардамы үчүн Тышкы иштер министрлигине ыраазычылык билдирет. Ошондой эле, ДИАУБ ШЧБМ башка мамлекеттик органдарга, саясий партияларга, жарандык коом уюмдарына, ЕККУнун Кыргызстандагы Программалык кеңсесине жана эл аралык коомчулуктун өкүлдөрүнө колдоо жана кызматташтык үчүн өз ыраазычылыгын билдирет.

Кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылыңыз:

- Томас Бозеруп, ДИАУБ ШЧБМдин жетекчиси, Бишкек (+996 312 621 576);
- Катя Андруш ДИАУБдун спикери (+48 609 522 266), же Каха Инаишвили, ДИАУБдун шайлоолор боюнча кеңешчиси, (+ 48 691 060 501), Варшава.

**ДИАУБ ШЧБМдин дареги:** Би Отель, Баетов көчөсү 99, 720000, Бишкек, Кыргызстан

Телефон: +996 312 621 576
Электрондук дарек: office@odihr.kg
Веб-сайт: www.osce.org/odihr